Жаркырап күн чыгып жаткан күндөрдүн эң жакшысы бул - жума күн

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жаркырап күн чыгып жаткан күндөрдүн эң жакшысы бул - жума күн. Бул күнү Адам ата жаратылган. Ушул күнү ал бейишке киргизилген. Ушул күнү бейиштен чыгарылган. Кыямат дагы дал ушул күнү болот".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) күн чыгып башталган күндөрдүн эң жакшысы жума күнү экенин баяндады. Жума күнүнүн өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр: Аллах Таала Адам атаны жума күнү жараткан. Аны жума күнү бейишке киргизген. Кийин жума күнү кайра бейиштен чыгарган жана жер бетине түшүргөн. Кыямат жума күнү башталат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3711